КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз VIII (сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 29-апрели №32/VIII-29** **Алмалуу айылы**

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2025-жылдын 05-февралындагы №21/IV-29 "Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2025-жылдын бюджетин, айыл өкмөтүнүн "Маданият" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүн бекитүү, ТЖКЧ "ЖКХ" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүн кыскартуу жана 2026-2027-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 25-апрелиндеги №03-13/890 "Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинин акча каражатын жылдырып берүүгө макулдук берүү жөнүндө" катын Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесинин негизинде Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2025-жылдын 05-февралындагы №21/IV-29 "Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2025-жылдын бюджетин, айыл өкмөтүнүн "Маданият" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүн бекитүү, ТЖКЧ "ЖКХ" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүн кыскартуу жана 2026-2027-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө" токтомунда Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2024-жылдын эркин калдыгынан Алмалуу айылындагы бала бакчанын оңдоо жана башка керектүү иштерине каралган 2000,0 миң сом акча каражатынын 400,0 миң сому төмөнкү иштерге жылдырылсын:
   -300,0 миң сом акча каражаты Карагай-Булак айылынын ичкен таза суусуна "емкость", "челек" жана башка керектүү материалдарын сатып алууга жылдырылсын;
   -100,0 миң сом акча каражаты Алмалуу айылынын бала бакчасына байкоочу камера орнотууга жылдырылсын;
2. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинен Ат чабыш өткөрүүгө каралган 200,0 мин сом акча каражатынын 50,0 мин сом акча каражаты Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн резервдик фондусуна, калган 150,0 миң сом акча каражаты Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеништин 80 жылдыгына карата арналган майрамдык иш-чаранын спорттук иш-чараларына жылдырылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**